Мектептин 30.08.2022-жылдагы
№1 пед.кеңешмесинде каралган.

Бекитемин:
Мектептин директору:
______ А. Абдыкаримова.

Кадамжай районуна караштуу А. Орозбеков атындагы №9 – орто мектебинин апелляциялык комиссиясынын ЖОБОСУ.

## 1. Жалпы ЖОБО

1.1. Учурдагы жобо Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жөнүндөгү мыйзамынын негизинде түзүлдү.

1.2. Бул жобо апелляциондук комиссиянын иштөө тартибин, анын укуктарын, калыптануу тартибин жана тизмесин аныктайт.

1.3. Апелляциондук комиссия окуучу же анын ата-энеси тарабынан берилген арызын (окуучунун алган баасына нараазычылыгы) карашат.

## 2. Комиссиянын функциясынын укуктары.

2.1. Комиссия окуу процессинин жүрүшүндө, экзамендер болуп жаткан учурда өз иштерин аткарышат.

2.2. Комиссия мүчөлөрү төмөнкү иштерди аткарышат:

- Окуучуларга коюлган баага нараазычылыгына байланыштуу арыздарын кабыл алышат жана карашат.
- Окуучуга коюлган бааны мамлекеттик стандартка, нормага, кабыл алынган талаптарга ылайык келүүсүн аныктайт жана карашат.
- Каралган арыздын натыйжасында чечим кабыл алышат.
- Арыз берген окуучуга же алардын ата-энесине алар тарабынан берилген арызы боюнча маалымат берет.

## 3. Комиссиянын мүчөлөрү жана структурасы.

3.1. Комиссиянын мүчөлөрү директордун приказы менен бекитилет. Апелляциондук комиссия педагогикалык коллективден тандалып алынган компотенттүү жана абройу жогору 3төн (үчтөн) кем эмес адам болуусу зарыл.

3.2. Жобого ылайык комиссиянын төрагасы комиссия ишине жооп берет, ошол эле учурда апелляцияны ачык айкын карашат.

## 4. Апелляцияны кароо тартиби.

4.1. Эгерде окуучу алган баасына нараазы болсо, анда ал жазма түрүндө апелляциондук комиссияга арыз жазууга уктуу. Ал арызда өзүнүн ишинин сапатын жана баасын төмөндөткөн текшерүүчүлөрдүн катасын конкреттүү түрдө белгилеп өтүүсү зарыл.

4.2. Комиссия мүчөлөрү арызды карап жаткан учурда окуучу ошол жерде катышууга укуктуу.

4.3. Арыз жазган окуучуга алган баасына нараазы болуп жаткан иши кабыл алынган стандартка, нормага жана талаптарга ылайык текшерилгенин жана бааланганын билүүсүнө мүмкүндүк берилүүсү керек.

4.4. Арызды кароо арыз келип түшкөндөн кийин, дароо кийинки күнү тынч жана ынтымактуу жагдайда өтүүсү зарыл.

4.5. Жазма иштери боюнча кабыл алынган арыздар төмөнкүдөй таризде өткөрүлөт: окуучулар апелляциондук комиссиянын катышуусунда жазма иштери менен таанышууга укуктуу. Өз иштери менен таанышуу учурунда, жазма ишти көчүрүп алууга же оңдоп коюуга каттуу тыюу салынат.

4.6. Ал эми ооз эки жооп берүүдөгү арыз, окуучуда ар кандай окуу куралсыз, алдоо баракчаларсыз тынч жагдайда өткөрүлөт.

4.7. Текшерүү жана баалоо боюнча суроолорду окуучулар апелляциондук комиссия менен баарлашуу учурунда аныкташат.

4.8. Апелляциондук комиссия аягында, бааны озгөртүү же биринчи коюлган бааны калтыруу боюнча чечим чыгарышат.

## 5. Апелляциондук комиссиянын документациясы.

5.1. Комиссиянын иши комиссиянын төрагасы жана комиссия мүчөлөрү кол койгон протокол менен жүргүзүлөт.

5.2. Протоколдор китепчеси бооланган жана сандары жазылган болуп, ар бир өткөрүлгөн кеңешме номуру менен китепчеге жазылат.

5.3. Протоколдор мектеп иштеринин номенклатурасына ылайык сакталат жана окуучулар тарабынан алынган арыздарга чечим чыгарууда колдонулат.

5.4. Апелляциондук комиссиянын чыгарган чечими жөнүндөгү түзгөн протоколу окуучуга же анын ата-энесине көрсөтүлүшү мүмкүн.